**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук**
**комиссиясынын төрайымы**
**Н.К.Шайлдабековага**

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кенешенин депутаттыгына №3
Кадамжай аймактык шайлоо
округунан талапкер
Н.О.Талиповдон

[redacted]

## Арыз

Мен, Талипов Нурали Орозалиевич Сизге арыз менен кайрылуумдун себеби төмөндөгүчө.

Мен көп жылдан бери эле айылыбыздагы бала бакчага, мектепке, мечит, медреселерге мүмкүнчүлүгүмө жараша жардам берип жүргөнмүн. 2019-жылы апам аркылуу мугалимдер өзүм окуп кеткен мектепке 2020-жылдын окуунун ачылышына бирдиктүү форма кылып беришимди суранышкан, 2020-жылы мен окууну бүтконумо 20 жыл толмок. 2020-жылы пондемияга байланыштуу окуу болбой калды. Кайрадан ошол эле мугалимдер кийинки жылы апам аркылуу мага кайрылышты форма тигип беришимди суранышты. Мен 2021-жылдын август айынын башында барып мугалимдерге материал түрүндө алып барып бердим анкени алардын размери ар кандай эле, ошондо 1-ден 4-класска чейинки окуучулардын размерлерин беришкен. 23-24-августарда форма даяр болгондуктан мектептин ачылышына карата 23-24-августтарда апамдар аркылуу даяр болгон формалар мектепке толугу менен жеткизилип мугалимдердин колдоруна өткөрүлүп берилген, анкени ошол убакта 1-сентябрда окуу башталат деп айтышкан болчу. Ошентип даяр болгон окуучулардын формалары мен тараптан августтун аягына чейин эле эжекелерге айылдагы апамдар аркылуу тапшырылган.

Менин үй бүлөм Москвада болгондугуна байланыштуу августтун аяктарында Москвада үй бүлөм менен кайрадан учуп кеттик, анткени 1-сентябрда кыздарым окууга бармак, кайрадан 10-сентябрда келсем апам аркылуу эжекейлер 12-сентябрда иш-чара өткөрөрүн айтып мени чакыртыптыр мен барганда ошол берген форманы таратып иш-чара өткөрүп жатышыптыр, ал жерде уюлдук телефонго тартырып жүрүшкөн, мен ютубка чыгарып жиберишин дагын билген эмесмин, ал убакытта шайлоо жөнүндө сөз дагын болгон эмес жана ал жөнүндө ойлорум дагын жок болчу. Кайра Бишкеке келип ойлонуп, үй бүлөм менен кеңешип, кандидат болууга өз арзымды 21-сентябрда БШКга тапшырдым.

Жогоруда аталган иш боюнча мага Кадамжай РИИБнүн тергөө бөлүмү тарабынан кабар келип түшкөн убакытта эле мен барып жогоруда айткандай

эле бүт болгон окуянын чоо-жайын айтып бердим жана аталган иш-чаралар 2021-жылдын сентябрь аяны чейин тактап айтканда шайлоо дайындалган күнгө чейин болгондугун жана шайлоого эч бир тийиштиги жоктугун, керек болосо шайлоо боюнча ал убакытта оюмда жоктугун жазып бердим.

Ошол эле убакта ютубка чыккан видео боюнча сураштырып жатып тааныштарым аркылуу телефон менен Азаттыкка байланышып аталган видео өчүрүп салуусун талап кылдым. Бирок ал ооз эки кайрылуумдан жыйынтык чыкпагандыктан Азаттыка кат жүзүндө кайрылууга аргасыз болдум.

Ошентип бүгүнкү күнгө карата арадан 11 күн өтсө дагын тергөө аягына чыкпастан кандайдыр бир себептерден тергөөнүн мөөнөтү узарып кетип жатат. Ушул күнгө чейин тергөө тарабынан БШКга же болбосо мага кабар бербей келет. Анткени 2 күндөн кийин шайлоонун официалдуу түрдө үгүт иштери башталганы турат. Менин дагы мыйзам чегинде өз округума барып үгүт иштерине катышуум керек, тергөө белгисиз себептерден улана берсе албетте менин мыйзамдуу укуктарымды чектеген болуп калат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде аталган иш-чаралар шайлоо дайындалган күнгө чеийин болгондугун далилдейт жана мен тарабынан эч кандай мыйзам бузуу болбогондугуна кепилдик берем.

Жогоруда болгон фактыларды эске алып үгүт иштеримди жүргүзүүгө шарт түзүп, мыйзамдуу чечим кабыл алып берүүңүздү суранам.

**Н.О.Талипов** ________________

**27- октябрь 2021-жыл.**

**“Азаттык” үналгысына**

Дареги: Бишкек шаары, Фурманов көчөсү , 12.

Кыргыз Республикасынын Жогорк Кенешенин депутаттыгына №3 Кадамжай аймактык шайлоо округунан талапкер Н.О.Талиповдон

[redacted]

**Арыз**

Мен, Талипов Нурали Орозалиевич Сиздерге арыз менен кайрылуумду себеби төмөндөгүчө.

Сиздердин “Азаттык” официалдуу баракчаныздарда Кадамжа районунун Кызыл-Булак айылында тартылып жайгаштырылган вид тасманыздарды алып салууну суранам.

Анткени аталган тасманы Сиздер тарабынан тартылып жа жайгаштырылгандыгы боюнча менде маалымат болгон эместигин билдирем

**Н.О.Талипов** ____________________

**27- октябрь 2021-жыл.**

Катты кабыл алдым.

Джоодарбаев Н.А.

27.10.21